**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«11»-август 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги XI сессия**

**ТОКТОМ** **№4** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарынын аймагындагы муниципалдык менчиктеги жер тилкесинин укуктук зонасын өзгөртүү жөнүндө**

Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 24.01.2025-жылдагы №01-18/4565 сандуу каты жана ага тиркелген иш кагаздары Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын 30.07.2025-жылдагы отурумунда каралып, Жалал-Абад шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелеринин негизинде, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаарындагы Курманбек көчөсүнүн №4а/1 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 11578,60 чарчы метр болгон муниципалдык жер тилкесин “П-1” (өнөр-жай) укуктук зонадан “С-1” (саламаттык сактоо, билим берүү, илим, маданият жана спорт объектеринин) укуктук зонасына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
2. Жалал-Абад шаарынын мэриясына, Жалал-Абад шаардык архитектура жана шаар куруу башкармалыгына, КР Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Жалал-Абад филиалына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде 2006-жылы кабыл алынган “Жалал-Абад шаарында курулуш куруу жана жер пайдалануу эрежелерине” өзгөртүү киргизип, мыйзам чегинде иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Турдубеков О.Т.**